| | | | |
|---|---|---|---|
| | | каада-салттары боюнча кароо-сынактар өткөрүлөт. Мындан тышкары «үлгүлүү үй-бүлө», «Апам, атам жана мен» деген спорттук иш-чаралар өтткөрүлүп, жакшы үй-бүлөлөрдүн, үлгүлүү иштери жайылтылат.<br>**«Окуучулардын укугуна жана милдеттерине карата окуучулардын жүрүш-туруш эрежеси жөнүндөгү»** жобосу 2019-жылдын 4-октябрында №3 педагогикалык Кенешмесинде каралып, талкууланып бекитилген.<br>Жобонун максаты:<br>✓ мектептеги окуучулардын билим алуусу үчүн жагымдуу кырдаалды, мектептин ичинде жана тегерегинде коопсуз шарттарды түзүү,<br>✓ жолдошторуна карата урматтоо жана сыйлоо сезимин, маданияттуу жүрүм-турумун калыптандыруу,<br>✓ коомчулукта сүйлөшө билүү көндүмдөрүн өстүрүү максатында иштелип чыккан.<br>Жободо окуучулардын милдеттери, тыюу салынуучу жүрум-туруму, сабактагы жүрум-туруму, танапис мезгилиндеги жүрүм-туруму, мектеп буюмдарын жана китептерди сактоо боюнча милдеттери, жүрүм-турумунун маданиятына коюлган талаптар, массалык иш-чарадагы окуучулардын жүрум-туруму, ашканадагы окуучунун жүрүм-туруму, тартиптик жазалар бөлүмдөрү каралган. Бул жобо класстык чогулуштарда окуучулар жана алардын ата-энелеринин арасында талкууланып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турулат. Жобо мектептин ар бир класстык кабинеттерде, залдардын көрүнүктүү жерлеринде илинген. Жобонун аткарылышы мектепте уюштурулган өзүн-өзү башкаруу уюму аркылуу көзөмөлдөнөт.<br>Бүгүнкү күндө мектепте окуган 670 окуучулардын арасында тартип бузуп жана кылмыш кылып жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүндө учетто турган бир да окуучу жок. | |
| 1.5 | Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн | Мектеп мекеменин ишин баалоо, пландоо, жыл ичиндеги болуучу иштерди уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдери төмөнкүдөй тартипте жүрөт: | 15-тиркеме<br>Мектептин жылдык иш планы тиркелет<br>16-тиркеме |